**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**Дары-дармектер жана медициналык**
**техникалар менен камсыздандыруу**
**департаментинин башкы директору**
**/Курманов Р.А.** ____________
**«20»** ______02______ **20/15** **ж.**

**Дарыны медицинада колдонуу боюнча**
**НУСКАМА**
**ПРОСПАН®**

**Каттоо немери:**
**Соодадагы аталышы:** Проспан®
**Дарынын түрү:** Жөтөлгө каршы эритинди.

**Курамы:**
5 мл эритинди (1 баштыкча) төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Таасир берүүчү зат:* чырмоок чөбүнүн жалбырактарынын кургатылган саркындысы.
35 мг чырмоок чөбүнүн кургатылган саркындысы [( 5-7,5): 1], экстрагент: этанол 30 об. %.
*көмөкчү заттар:* калий сорбаты (консервант), суусуз лимон кычкылдыгы, 70% сорбит эритиндиси (кристаллдашкан), ксантандуу камедь, жыпар жыттантуучу Frescofort Permaseal, табигый апельсин жыпар жыттанттучу, ментол, тазартылган суу.

**Сүрөттөмөсү**
Ичип колдонулуучу эритинди. Ачык күрөң, мөмө жемиш жыттанган жана ментол даамданган тунук эмес эритинди.

**Фармадарылык тобу**
Өсүмдүктөрдөн алынган какыртуучу каражат.

**Фармакологиялык таасири**
Өсүмдүктөрдөн жасалган жөтөлгө каршы дары. Какыртуучу, муколиттик жана бошоңдотуучу таасир берет. Какырыктын илешкектигин азайтып анын чыгуусун жеңилдетет.

**Колдонууга көрсөтмө**
Жогорку дем алуу жолдору жана өпкө сезгенип, кыйынчылык менен какырылган жөтөл коштолуп ооруганда, какыртуучу каражат катары колдонулат.

**Каршы көрсөтмө**
Дарынын курам бөлүктөрүнө болгон жогорку сезгичтик.

**Кош бойлуулук жана бала эмизген учурда колдонуу**

Дарыны кош бойлуулук жана бала эмизүү учурунда ичүү коопсуздугу туурасында маалымат жок болгондуктан, бул учурда дарыны кабыл албоо керек.

**Колдонуу жолу жана дозалары**

Ичилет.

Чоң кишилерге жана 12 жаштан жогорку балдарга эритиндини 1 баштыкчадан (5 мл) күнүгө 3 маал кабыл алуулары керек, бул чырмоок чөп жалбырагынын 105 мг кургатылган саркындысына туура келет, 6-11 жаштан жогорку балдарга 1 баштыкчадан (5 мл) күнүгө 2 маал, бул чырмоок чөп жалбырагынын 70 мг кургатылган саркындысына туура келет. Колдоноор алдында баштыкчаны бир аз ушалоо керек.

Эритиндиге эч нерсе кошпостон, эртең менен жана кечинде кабыл алуу керек.

Дарылоонун узактыгы оору белгилеринин мүнөзү жана оордугуна жараша эреже катары бир жуманы түзөт, дем алуу жолдорунда жеңил сезгенгенме болгон учурда да бир жумага созулат.

Дарылоонун таасирин чыңдоо үчүн оорунун бардык белгилери жоголгондон кийин да, дарылануунy 2-3 күн улантууга кеңеш берилет.

Акыбалы жакшырбаса дарыгерге кайрылуу керек.

**Кыйыр таасири**

Аллергиялык реакциялар болушу мүмкүн.

Жогорку сезгичтиги бар бейтаптарда окшуу, кусуу жана ич өтүү сыяктуу ичеги-карыны бузулушу мүмкүн.

**Ашыкча доза**

Жазылган күндүзгү дозасынан ашыкча (3 эседен көп) дозаны кабыл алганда окшуу, кусуу жана ич өтүүсү мүмкүн. Бул учурда бейтап дарыгерге кайрылуусу керек.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**

Өз ара таасири тууралуу изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Азыркы убакка чейин өз ара таасири белгисиз.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**

Дары сорбитти камтыйт. Эгерде нускама боюнча кабыл алса, бейтап ар бир кабыл алууда, 1,9 г сорбитти кабыл алган болот.

Тубаса фруктозаны көтөрө албастыгы бар бейтаптарда кооптуулук болот. Мындай учурда дарыгердин кеңешинен кийин гана дарылоо керек.

Дарыны бир суткалык дозасынан ашырбоого кеңеш берилет.

**Чыгаруу формасы**

Баштыкчада 5 мл ден ичүү үчүн эритинди; 21, 30 дан баштыкчалар кабыл алуу нускамасы менен бирге картон кутучага салынган.

**Сактоо шарты**

25° С ашпаган аба табында сактоо керек.

Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**Жарактуулук мөөнөтү**
3 жыл.
Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин кабыл алууга болбойт.

**Дарыканалар үчүн чыгаруу шарты**
Рецепти жок.

**Өндүрүүчү**
Энгельгард Арцнаймиттель ГмбХ& Ко КГ.,
Херцбергштрассе, 3, Д-61138 Нидердорфельден, Германия.

**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**Дары-дармектер жана медициналык**
**техникалар менен камсыздандыруу**
**департаментинин башкы директору**
**/Курманов Р.А.____________________**
**«_20_»____02____________20_15_ж.**

**Дарыны медицинада колдонуу боюнча**

**КОШМО-БАРАКЧА**

**ПРОСПАН®**
*Жөтөлгө каршы эритинди*

**Кошмо-баракча. Бейтап үчүн маалымат.**

*Берилген дарыны кабыл алуудан мурда бул кошмо–баракчаны көңүл коюп окуп чыгыңыздар.*

*Кошмо-баракчаны сактап коюңуздар, балким кайрадан окуп чыгуу керек болуп калат. Кошумча маалыматты же кеңешти Сиз дарылоочу дарыгериңизден же фармацевтен ала аласыз.*

**Курамы:**
5 мл эритинди (1 баштыкча) төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Таасир берүүчү зат:* чырмоок чөбүнүн жалбырактарынын кургатылган саркындысы.
35 мг чырмоок чөбүнүн кургатылган саркындысы [( 5-7,5): 1], экстрагент: этанол 30 об. %.
*көмөкчү заттар:* калий сорбаты (консервант), суусуз лимон кычкылдыгы, 70% сорбит эритиндиси (кристаллдашкан), ксантандуу камедь, жыпар жыттантуучу Frescofort Permaseal, табигый апельсин жыпар жыттанттуучу, ментол, тазартылган суу.

**Чыгаруу түрү**
Ичүү үчүн эритинди.

**Фармадарылык тобу**
Өсүмдүктөрдөн алынган какыртуучу каражат.

**Көрсөтмө**
Жогорку дем алуу жолдору жана өпкө сезгенип, кыйынчылык менен какырылган жөтөл коштолуп ооруганда, какыртуучу каражат катары колдонулат.

**Каршы көрсөтмө**
Дарынын курам бөлүктөрүнө жогорку сезгичтик, бала курак (6 жашка чейин), алкоголду ичүүгө карама-каршы болгон аракечтик жана башка абалдар.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Өз ара таасири туурасында изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Азыркы убакка чейин өз ара таасири белгисиз.

**Өзгөчө этияттык жана өзгөчө алдын ала сактануу чаралары**
Дары сорбитти камтыйт. Эгерде нускама боюнча кабыл алса, бейтап ар бир кабыл алууда, 1,9 г сорбитти кабыл алган болот.
Туубаса фруктозаны көтөрө албастыгы бар бейтаптарда кооптуулук болот. Мындай учурда дарыгердин кеңешинен кийин гана дарылоо керек.
Дарыны бир суткалык дозасынан ашырбоого кеңеш берилет.

**Колдонуу жолу жана дозалоо режими**
Ичилет.
Чоң кишилерге жана 12 жаштан жогорку балдарга эритиндини 1 баштыкчадан (5 мл) күнүгө 3 маал кабыл алуулары керек, бул чырмоок чөп жалбырагынын 105 мг кургатылган саркындысына туура келет, 6-11 жаштан жогорку балдарга 1 баштыкчадан (5 мл) күнүгө 2 маал, бул чырмоок чөп жалбырагынын 70 мг кургатылган саркындысына туура келет. Колдоноор алдында баштыкчаны бир аз ушалоо керек.
Эритиндиге эч нерсе кошпостон, эртең менен жана кечинде кабыл алуу керек.
Дарылоонун узактыгы оору белгилеринин мүнөзү жана оордугуна жараша эреже катары бир жуманы түзөт, дем алуу жолдорунда жеңил сезгенгенме болгон учурда да бир жумага созулат.
Дарылоонун таасирин чыңдоо үчүн оорунун бардык белгилери жоголгондон кийин да, дарыланууну 2-3 күн улантууга кеңеш берилет.
Акыбалы жакшырбаса дарыгерге кайрылуу керек.

**Кыйыр таасири**
Аллергиялык реакциялар болушу мүмкүн.
Жогорку сезгичтиги бар бейтаптарда окшуу, кусуу жана ич өтүү сыяктуу ичеги-карыны бузулушу мүмкүн.

**Жарактуулук мөөнөтү**
3 жыл.
Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин кабыл алууга болбойт.

**Сактоо шарты**
25 ºC ашпаган аба табында сактоо керек.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**Таңгакчасы жана анын курамы**

Баштыкчада 5 мл ден ичүү үчүн эритинди; 21, 30 дан баштыкчалар кабыл алуу нускамасы менен бирге картон кутучага салынган.

**Өндүрүүчү ишкана**

Энгельгард Арцнаймиттель ГмбХ& Ко. КГ.
Херцбергштрассе, 3, 61138 Нидердорфельден, Германия.